**2013-жылдын 1-июнундагы № 89 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# «Балык чарбасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу

2013-жылдын 25-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** «Балык чарбасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1997-ж., № 6, 232-ст.) төмөнкүдөй толуктоо киргизилсин:

4-статья төмөнкүдөй мазмундагы 3-бөлүк менен толукталсын:

«Ысык-Көл Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен корголгон акваториясы менен мамлекеттик маанидеги көл болуп саналат, анда күнжеле форелин жана сырттан алынып келинген, жырткыч балыктардын түрлөрүн өстүрүүгө жана инкубациялоого тыюу салуу менен, ышкыбоздук жана спорттук балык уулоого, туристтик ишке, суу транспорт ишине уруксат берилет.».

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**3-берене.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын
Президенти** **А. Атамбаев**